# Э к о н о м и к а

**УДК 355.241.1**

***Айылчиева М.А.** - улук окутуучу, **Тавалдиев К.** - улук окутуучу*

## *Айылды инвестициялоо долбоорунун алкагында социалдык мобилизациялоонун мааниси*

Жамааттарды мобилизациялоо – бул жергиликтүү коомчулуктарды долбоордун ишинин принциптери менен тааныштыруу, ошондой эле аларга долбоордун гранттык каражаттарынын жана потенциалдык өнүктүрүү боюнча иштен пайда алуу үчүн механизмдерди жана институттарды уюштуруу учурунда жардам көрсөтүү максатында алар менен иштөө процесси. Бул процесс долбоордун узак мөөнөттүү милдеттерин чечүү – жергилүктүү өз алдынча башкаруу органдарын жана жамааттык институттарды чыңдоо үчүн маанилүү, бул аларды айыл калкы өз алдынча аныктаган өнүктүрүү муктаждыктарын чечүүгө тартууга, калктын отчеттуулугун күчөөтүүгө жана жумшалган күч-аракеттерден натыйжаны максималдаштырууга көмөктөшөт.

Жамааттарды мобилизациялоонун төмөнкүдөй үч негизги милдети бар:

1. Катышкан жергилүктүү коомчулуктарды долбоордун процесстери жана механизмдери менен, ошондой эле айрым институттардын жана жактарадын ролдору, милдеттери жана укуктары менен тааныштыруу;
2. Долбоор колдонгон институттардын аракетин жана процесстердин аткарылышын ачыктык жана коомчулуктун тартылышы принциптеринде камсыз кылуу;
3. Сатып алууларды жана техникалык талаптарды аткаруу учурунда көмөк көрсөтүү ошондой эле жергилүктүү потенциалды өнүктүрүү боюнча техникалык салымды жана ишти координациялоо.

АРИС долбоорго жергилүктүү коомчулуктун катышуусу аркылуу жамаатарды мобилизациялоону стимулдаштырат. Жамааттарды мобилизациялоо боюнча командалар (мисалы, АИДдин жамаатарды мобилизациялоо жагында аракеттенген өнөктөрү же ушул максатта тартылган эксперт-консультанттар) көп чөйрөлөрдөгү демилгени, өзгөчө жергилүктүү коомчулукту тартуунун алгачкы этабынын мезгилиндеги демилгени өзүнө алат.

Жамааттарды ийгилүктүү мобилизациялоо-кыска жана узак мөөнөттүү максаттарга жетишүүгө карай ачкыч, ошондой эле долбоор берген ресурстарды натыйжалуу пайдалануунун зарыл шарты. Мында жамааттарды туруктуу мобилизациялоо өзүнөн-өзү долбоордун маанилүү милдети болуп саналат. Акыр аягында, долбоордун чектеринде финансылык жана институттук колдоо жергилүктүү коомчулуктарга өздөрүнүн муктаждыктарына жана проблемаларына туруктуу баа берүүнү жөнгө салууга жана аларды өз демилгеси боюнча чече баштоого мүмкүндүк берген механизм болуп саналат.

**Мобилизациялоонун баяндамасы**

Социалдык мобилизациялоонун көпчүлүк бөлүгү бүткүл өлкө боюнча ар кандай жамааттар менен ишке тартылган АИДдин өнөктөрүнүн күч-аракети менен жүзөгө ашырылат. Мында сөз эл аралык уюмдар колдогон социалдык мобилизациялоо жагындагы долбоорлор жөнүндө, ошондой эле жергилүктүү коомчулуктардын демилгелерин алга илгерилетүү жагынан зор тыжрыйбасы бар ӨЭУлар жөнүндө жүрүп жатат. Башкалар

менен катар, алардын ичине ПРООН, DFID (Улуубританиянын Эларалык өнүктүрүү министрлиги), Урбан Институт-ЮСАИД, швейцариянын кызматташтык боюнча бюросу колдогон бир нече долбоорлор,

Сорос фонду жана Каунтерпарт Консорциум кирет. Азыркы учурда өнөктөш уюмдар иштебеген жерлерде долбоор бул жергиликтүү коомчулукту камтуу максатында өнөктөш уюмдардын ишин кеъейтүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт же мындай колдоо көрсөткөн уюмдар менен контракт түзөт.

Өнөктөрдүн ар бири өзүнүн – башка донорлордой айырмаланган – ыкмаларын техникасын, шаймандарын жана жол – жоболорун иштеп чыккандыгына карабастан, негизги принциптер кыйла даражада окшош жана бир эле милдеттерге жетишүүгө багытталган.

Ошондуктан АИД бардык жерде колдонуу үчүн жамааттарды мобилизациялоонун катаал жана бирден бир планын таъуулабайт. Тескерисинче, АИДдин ар бир өнөгү өз ыкмаларын пайдалана алат, алар жергиликтүү шарттарга ылайык келиши үчүн мезгил тарабынан иштеп чыккан, сыналган жана адаптацияланган.

Ошого карабастан, АИДден микродолбоорлорду финансылык колдоого укук алуу үчүн салмактуу натыйжага ээ болуу үчүн жергиликтүү коомчулук басып өтүүгө тийиш болгон өзөктүү кадамдар бар.

Жамааттарды мобилизациялоо процесси бир катар ишчараларды камтыйт, алардын айрымдары бүткүл жергилүктүү коомчулук тарабынан жамааттык түрдө жүргүзүлөт, башкалары коомчулуктун атынан айрым адамдар же топтор тарабынан аткарылат. Мобилизациялоо процесси жыйырма бирден кем эмес ишчараны камтыйт. Мобилизациялоо айыл өкмөтү долбоорго катышуусунун биринчи жылында жүргүзүлөт. Жамааттарды өнүктүрүү боюнча буга чейинки ишке катышуусуна жараша айрым ишчаралар айыл калкына тааныш болушу мүмкүн. Айрым ишчаралар демейки мамилелерге жана моделдерге негизделет, башкалары жаъы тажрыйбаны жана өз ара мамилелерди талап кылат. Бардык ишчаралар толук жана так отчеттуулук принциптеринде турмушка ашырылат. Бул айылдыктар үчүн жаъы талап болушу жана айрым топтордун кооптонууларын пайда кылышы мүмкүн.

Мобилизациялоо боюнча негизги ишчаралар:

- Долбоор, анын максаттары, механизмдери, мүмкүнчүлүктөрү, талаптары, жол-жоболору, милдеттемелер жана өз учурунда аткаруу жөнүндө калкка маалымдоо,
- Айылдын профилин иштеп чыгуу,
- Жалпы, ошондой эле конкреттүү топтор үчүн муктаждыктарды аныктоо,
- Муктаждыктарды артыкчылыкташтыруу,
- Артыкчылыктуу муктаждыктарды канааттандыруу үчүн аракеттерди же инвестицияларды (микродолбоорлорду) аныктоо,
- АИКты тандоо,
- Микродолбоордук сунуштарды иштеп чыгуу үчүн өзүн көрсөтүү аркылуу микродолбоордук топторду уюштуруу,
- Сунуштарды айылдын экинчи чогулушунда жактырылган микродолбоордук топтордун лидерлерин АИКтерге кошуу үчүн аларды кеъейтүү,
- Микродолбоорду түзүү жана талдоо боюнча окутуудан өтүү жана консультацияларды алуу,
- Ар бир микродолбоорду аяктоо үчүн зарыл болгон ички жана тышкы ресурстардын айкалышуусуна баа берүү,
- Микродолбоордук сунуштарды Айылдын өъүтү, катары ЖИКте презентациялоо үчүн аларды талкуулоо жана артыкчылыкташтыруу,

- ЖИКке АИКтин мүчөлөрүн тандоо,
- АӨИПке кошуу үчүн ЖИК тандаган микродолбоорлор боюнча кеъ-кесири сунуштарды, анын ичинде тиешелүү башкаруу жана туруктуулук планын даярдоо,
- Микродолбоорлорго жамааттын макулдашылган салымын чогултуу үчүн колдо болгон ресурстарды мобилизациялоо,
- Тендердик жол-жоболорго жана материалдарды сатып алууга катышуу,
- Сатып алуу процессин жана материалдарды сактоону уюштуруу,
- Микродолбоорлорду турмушка ашыруу үчүн эмгекти мобилизациялоо,
- Микродолбоорлорду турмушка ашырууну башкаруу,
- Микродолбоорлоду турмушка ашырууну мониторинги
- Туруктуулукка жетишүү үчүн окутуудан өтүү жана башка талаптарды аткаруу,
- Долбоорду жана Айылды өнүктүрүүнү турмушка ашыруу учурунда алынган тажрыйбаны теориялык жактан аъдап түшүнүү жана калктын муктаждыктарын жана анын потенциалын андан ары тактоо.

Экинчи жылда цикл кайталанат, мында татаалданган окутуу жана талдоо киргизилет, бул (мурда даярдалган Айылдын өъүтүнө таянуу менен) Айылдын инвестициялык стратегиясын иштеп чыгууга алып келет. Айылдын инвестициялык комитети андан ары талкуулоо жана Айыл өкмөтүн инвестициялоо стратегиясына (АӨИС) киргизүү үчүн планды өзүнүн өкүлдөрү аркылуу Жергиликтүү инвестициялык комитеттке берет. Бул Стратегия микродолбоорлорду кийин аныктоонун жана финансылоонун негизин түзөт. Процесс жыл сайын кайталанып турат, натыйжада Инвестициялоо стратегиясы жыл сайын жаъыланат жана ар бир итерция микродолбоорлордун жаъы комплексинде түзүлөт.

Долбоорду турмушка ашыруунун пилоттук фазасынын жана биринчи жылынын учурунда мобилизациялоо процесси жана жол – жоболору коомчулуктан коомчулукка карай оошуп турат, ал ар кандай консультанттарды жана өнөктөш агентстволордун ыкмаларын чагылдырат. Долбоорду турмушка ашыруунун пилоттук этабы жана биринчи жылы аяктагандан кийин өзүн актаган учурда алда канча стандарттуу жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында ар кандай ыкмаларга, ошондой эле жетишилген натыйжаларга баа берүү үчүн АРИС МАРнын бул долбоор үчүн жооптуу болгон командасын, АРИСтин кызматкерлерин, өнөктөш агентстволорду, консультанттарды жана айылдарды жана айылдардын мобилизаторлорун тартуу менен семинар уюштурат.

Төмөндө жамааттарды мобилизациялоо боюнча сегиз негизги кадам, ошондой эле алардын конкреттүү натыйжалары баяндалган. Алардын ичинен эки кадам калктын кеъири катышуусу менен милдеттүү жалпы чогулуштарды талап кылат.

Мобилизациялоо боюнча кадамдар

1. кадам. Алдын ала мобилизациялоо

1.1. Мобилизациялоо боюнча компания ишке киргенге чейин коомчулуктарды өнүктүрүүнү колдоо боюнча эксперттер жана коомчулуктарды мобилизациялоо боюнча команда ар бир катышкан айылдык кеъеште бир же андан ашык киришүү семинарларын өткөрөт. Чакырылгандардын тизмесине айылдардын лидерлери жана активистери, айылөкмөтүнүн башчысы, айылдын башчысы, айылдык кеъештин депутаттары, аксакалдары, саламаттыкты сактоонун жана билим берүүнүн кызматкерлери, ӨЭУлардын, жамааттык уюмдардын, ресурстарды пайдалануучулардын ассосациаларынын, коомчулуктардын, маселелердин жана ишканалардын лидерлери, ошондой эле жарандык сектордун башка өкүлдөрү киргизилет. Чакырылгандардын курамы өткөрүү ордуна жараша өзгөрүшү мүмкүн. Семинар максималдуу келүү жана катышуу камсыз кылына турган учурда жана жерде өткөрүлүүгө тийиш.

Киришүү семинарынын эки милдети болот. Биринчиси – лидерлерге жана активистерге долбоор милдеттер, ыкмалар, жол жоболор, талаптар жана катышуучулардын милдеттери жөнүндө маалымдоо, ошондой эле млбилизациялоо процессин жана айылдын мобилизаторунун ойдогудай сапаттарын баяндоо. Экинчиси, айылды мобилизациялоо жагынан иш жүргүзүүнү каалаган жана бул миссияны аткарууга жөндөмдүү талапкерлердин тизмесин тузүүдө турат.

Айылдын мобилизаторунун ролу айылдын деъгээлинде долбоорду турмушка ашырууга көмөктөшүүдө, АИКтин мотиваторунун, фасилитаторунун жана формалдуу эмес катчылыгынын функцияларын аткарууда турат. Айылдын мобилизаторлору мобилизациялоо боюнча команданын жетекчилиги астында иштейт. Айылдын мобилизаторлорунун милдеттеринин кеъири спектри болот, алардын ичинде төмөнкүлөр бар: долбоор жөнүндө мекендештерге түздөн түз маалымдоо; бардык үй чарбаларына долбордук маалыматты берүү үчүн маалымат системасын түзүү, айылдык маалымат стенддерин колдоо; айылдын профилин доярдоону уюштуруу жана көзөмөлдөө; өздөрүнүн муктаждыктарын жана артыкчылыктарын конкреттүү баяндоодо жана аларды тиешелүү микродолбордук сунуштарга трансформациялоодо жардам көрсөтүү үчүн конкреттүү таламдары бар топтордун мүчөлөрүн чакыруу; микродолбоордук топторду түзүүдө жана сунуштарды даярдоого таламдаш тараптарды стимулдаштыруу; сунуштарды даярдоо учурунда микродолбоордук топторду колдоо; жергилүктүү коомчулуктун мүчөлөрүн топторун динамикасына, презентациялоо тажрыйбаларына жана микродолбоордук сунуштарды даярдоо окутуу, ошондой эле зарылчылык болгон учурда атайын тренингдерди баштоо.

АИКтин жана ЖИКтин катчылыгынын жана маалымат таркатуучусунун милдеттерин аткаруу: алдын ала натыйжалары АИКтин «Отчеттор жана келечектер» деген ар жылдагы ачык чогулушунда сунуш кылына жана талкуулана турган пландаштыруунун жылдык циклин учурунда биргелешкен мониторинг жана баа берүү боюнча ишчараларды жүргүзүүдө АИКке жардам берүү, ошондой эле пландаштыруунун кийинки циклиндеги айылдын биринчи чогулушунда биргелешкен мониторингдин жана баа берүүнүн биротоло натыйжаларын презентациялоо болуп саналат.

***Адабияттар***


1. «Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу» материалдар топтому Бишкек 2010-жыл
2. Коммерциялык банк Кыргызстан материалдар топтому 2011-жыл
3. Лидер аял Абдиламитова Жибектин материалдар топтому 2011-жыл.